**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д23.20.611 диссертациялык кеңештин эксперти, саясий илимдеринин доктору, профессор Жоробеков Жолборс Жоробековичтин 23.00.02–"саясий институттар, процесстер жана технологиялар" адистиги боюнча саясий илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Есенов Уланбек Аскаралиевичтин "Заманбап Кыргызстанда президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтолусуунун институту (саясий укуктук изилдөө)" деген темадагы диссертациясына**

# КОРУТУНДУСУ

Эксперт изденүүчү Есенов Уланбек Аскаралиевичтин "Заманбап Кыргызстанда президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтолусуунун институту (саясий укуктук изилдөө)" деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган докторлук диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште 23.00.02-саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистигинин паспортуна (2. Мамлекеттик саясат жана башкаруу. Мамлекеттик саясаттын түрлөрү.) толугу менен жооп берүүчү президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусунун саясий укуктук тартибинин маселелерине изилдөө жүргүзүлөт.

**2. Иштин максаты катары** диссертациялык изилдөөнүн негизги максаты – азыркы Кыргызстандагы президент институтунун саясий-укуктук табиятын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин саясий системадагы ордун аныктоо менен бул институтту өнүктүрүү, президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусунун саясий укуктук тартиби боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу эсептелинет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ ЖАНА Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНЕ КАРАШТУУ ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 23.20.611
КИРИШ № ДЦ-60-20
«15» 03 2021 ж

Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:

1) Президент институтунун түшүнүгүн жана анын маани-маңызын талдоо;

2) Мамлекеттеги башкаруу формасына ылайыктуу президент институтунун саясий табиятын жана ордун изилдөө;

3) Кыргызстанда президент институтунун калыптануусунун тарыхый аспектилерин жана саясий факторлорун изилдөө;

4) Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоонун жана анын ишмердигин уюштуруунун саясий жана укуктук негиздерин талдоо;

5) Кыргыз Республикасынын Президентинин мөөнөтүнүн аяктагандыгына байланыштуу президенттик бийликтин ыйгарымдарынын токтотулуусун изилдөө;

6) Кыргыз Республикасынын президентинин отставкасын ишке ашыруунун практикалык өзгөчөлүктөрү изилдеп чыгуу;

7) Кол тийбестик институтун жана Кыргыз Республикасынын президентин кызматынан бошотууну талдап чыгуу;

8) Кыргызстанда президенттик бийликтин транзитинин саясий жана укуктук көйгөйлөрү изилдөө.

Диссертациянын изилдөөнүн объектиси катары Кыргыз Республикасында президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтолусуунун институту эсептелет. Изилдөө предмети катары Кыргыз Республикасынын Президентинин мөөнөтүнөн мурда аяктагандыгына байланыштуу президенттик бийликтин ыйгарымдарынын токтотулуусунун аспектилери саналат. Диссертациянын методологиялык негизи - дүйнө таанунун илимий принциптери, анын ичинде: объективдүүлүк, историзм, системдүүлүк түздү. Эмпирикалык социологиялык усул катары жекече стандартташтырылган интервью колдонулду. Баштапкы сандык маалыматтар копьютердик SPSS программасында анализденди. Тандама квоталык ыкма менен түзүлүп, өзүнө 760 адам камтыды.

Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.

Сунушталган диссертациянын темасы "Заманбап Кыргызстанда президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтолусуунун институту (саясий укуктук изилдөө)" актуалдуу илимий көйгөйлөргө арналып, негиздүү тандалган. Диссертациянын материалдарын ишке ашырууда Есенов Уланбек

Аскаралиевич тарабынан Кыргыз Республикасында президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтолуу институтунун саясий укуктук аспектилери, бул чөйрөдөгү түшүнүктөр, аталган институттун коомдун саясий системасындагы орду жана ролу, президент институтунун жаралуусунун идеялары, көрсөтүлгөн багыттагы саясий укуктук реформалары, Кыргыз Республикасынын президентинин шайлануусунун, инаугурациясынын идеялык ойлору жана ишке ашыруу тажрыйбасы, президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусунун саясий укуктук тартиби ар тараптан изилденди жана жакшыртуунун механизмдери сунушталды. Диссертацияда изилденүүчү маселе боюнча бир катар жаңы натыйжалар жана жоболор, ички биримдик камтылган, бул автордун саясат таануу илимине киргизген жеке салымы жөнүндө маалымдайт.

Президент институту азыркы Кыргызстанда өткөн кылымдын 90-жылдарында киргизилгендигине карабастан, бүгүнкү күнгө чейин саясий жактан да, укуктук жактан да калыптанып бүтө элек.

Бул мезгилдин аралыгында Кыргызстанда башкаруунун советтик формадагы президенттик институтунан баштап, президенттик-парламенттик жана башка түрлөрү орун алган. Ата мекендик Баш мыйзамдын колдонуудагы редакциясында парламенттик республиканын да, президенттик республиканын да элементтери бекитилип келет.

Албетте, мындай шартта Кыргыз Республикасынын Президентинин саясий-укуктук макамы, анын саясий системадагы ролу, иш жүзүндөгү аракеттери, анын бийлигинин мөөнөтүнөн мурда токтотулуу тажрыйбасы жана анын ишке ашыруусундагы көйгөйлөр терең илимий талдоону талап кылат.

Саясат таануу жана укуктук илимдерде «президент», «президент институту» түшүнүктөрү менен бирге «президенттик институт» жана «президентура институту» аталмалары колдонулуп келет.

Бирок, маселе коомдук илимдерде президент институту тармактуу илимдердин деңгээлинде ар тараптан кеңири изилденип келгенине карабастан, кандайдыр бир жалпы көз-караш калыптана электигинде.

Ата мекендик жана чет өлкөлүк окумуштуулар, бир жагынан, бул маселенин ар тарабына көңүл бөлүшкөнү менен, экинчи жагынан, бирдей эле тыянакка келишип, жогоруда белгиленген аталмаларга так аныктама берип, бири-биринен өзгөчөлөнгөн белгилерин так ажыратып көрсөтө алышкан эмес.

«Президент институту» түшүнүгүнүн маани-маңызы менен мазмуну теориялык жана методологиялык жактан, биздин изилдөө максатыбызга байланыштуу алганда, саясий жана укуктук каражаттардын, алардын ичинен биринчи кезекте тиешелүү чөйрөдөгү ченемдердин негизинде аныкталаары шексиз.

Ошол эле учурда, бул маселени талдоодо саясий жана мамлекеттик-укуктук гана эмес, тарыхый практиканын да орду өзгөчө болоорун баса белгиленет.

Диссертацияда Кыргыз Республикасында президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтолуу институтунун саясий укуктук аспектилерине, бул чөйрөдөгү түшүнүктөрүнө, аталган институттун коомдун саясий системасындагы ордуна жана ролуна, президент институтунун жаралуусунун идеяларына, көрсөтүлгөн багыттагы саясий укуктук реформаларына, Кыргыз Республикасынын президентинин шайлануусунун, инаугурациясынын идеялык ойлоруна жана ишке ашыруу тажрыйбасына, президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусунун саясий укуктук тартибине саясат таануу экскурстары жасалды. Кыргызстанда президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусунун саясий укуктук тартибиндеги айрым маселелерге көңүл бөлүп, алардын ишке ашырылуусундагы көйгөйлөрдү чечүүнүн зарылдыгы белгиленди.

Ошондуктан президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуу институтунун биздин өлкөбүздө жана чет мамлекеттерде ишке ашырылуу тартибин, саясий укуктук негиздерин жана аспектилерин изилдеп, талдоо жүргүзүү саясий илимдин актуалдуу көйгөйлөрү болуп эсептелет.

Диссертациянын ар бир түзүлүштүк бөлүгү негиздүү жыйынтыктар менен корутундуланган, актуалдуу илимий изилдөө болуп саналат. Жыйынтыктар системалаштырылган, иштин мазмунуна туура келген корутунду түрүндөгү сунуштар жана маалыматтар илимий бүтүндүккө бириктирилген. Диссертант тарабынан алынган жаңы илимий натыйжалар ишенимдүү, даана жана саясат таануу түзүлүш көйгөйлөрүн мындан ары иликтөө үчүн маанилүү концептуалдык-методологиялык мааниге ээ болуп, аны теориялык изилдөө негиздерин кеңейтүүгө мүмкүндүк түзөт. Ошондой эле, саясий түзүлүштүн өзгөрүү мазмуну, социалдык негиздери жөнүндөгү саясат таануу билимдердин тереңдешин камсыз кылат. Жыйынтыктардын, илимий жоболордун негиздөө үчүн автор саясат таануу илиминин азыркы парадигмаларын жана

усулдарын колдонгон, бул ишенимдүү, айкын натыйжаларды алууга мүмкүндүк берген.

**3. Илимий натыйжалар.**

Иште саясий илимдеринин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

3.1. Саясат таануу илиминде президент институтунун саясий жана укуктук жактан калыптанбагандыгы, анын толугу менен изилденбегедиги анын шексиз түрдө актуалдуулугун тастыктайт. Ошого байланыштуу саясат таануу жана укуктук илимдерде «президент», «президент институту» түшүнүктөрү менен бирге «президенттик институт» жана «президентура институту» аталмаларынын дагы калыптанбагандыгына байланыштуу, алардын бирдиктүү аныктамаларынын иштелип чыгуусу зарыл.

Ошондуктан автор тарабынан «президент» түшүнүгүнө автордук аныктама берилип, «президент институту» түшүнүгү боюнча автордун позициясы аныкталып, АКШ, Европа жана Азия өлкөлөрүндө президент институтунун типтүү жана типтүү эмес моделдери талдоого алынган.

3.2. Көз карандысыз Кыргызстанда президенттик бийликтин калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн тарыхый жана саясий тенденциялары, Мамлекеттик бийликтин кыргыз системасындагы президент институтунун жаралуусунун идеялары, Президенттик бийлик жана саясий укуктук реформалар (1993-2020-жылдардагы мезгил) талданып, президенттик бийликтин калыптануу жана өнүгүү жаатындагы мамлекеттик саясатты андан ары жакшыртуу керек.

Андан сырткары, Кыргызстанда президенттик бийликтин шайлануусунун жана алмашуусунун саясий укуктук тартиби, Кыргыз Республикасынын президентинин шайлануусунун саясий укуктук негиздери, Кыргыз Республикасынын президентинин инаугурациясы: идеялык ойлор жана ишке ашыруунун тажрыйбасы саясат таануудагы маанилүү багыттардын бири болуп эсептелээри шексиз.

Ошол себептен президенттик бийлик институтунун калыптануусу жана өнүгүүсү, президенттин шайлануусунун, инаугурациясынын ишке ашырылуусундагы идеялык ойлор жана анын ишке ашырылуусунун тажрыйбасы саясат таануудагы маңыздуу изилдөөлөрдүн бири болуп саналат.

3.3. Ата мекендик саясат таанууда буга чейин кыргыз тилинде президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуу институтунун саясий укуктук изилдөөлөрүнүн маңызы, анын

негизги илимий түшүнүктөрү, ага болгон негизги илимий мамилелер жана концепциялар талданган эмес.

Биринчи жолу президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусунун саясий укуктук тартибинин негиздери аныкталган.

Буга чейинки эмгектерде өзгөрүп жаткан коомдо, Кыргыз Республикасынын президентинин отставкасынын ишке ашыруунун практикалык өзгөчөлүктөрүнүн жаратылышы көрсөтүлдү.

Автордун толук катышуусунда саясий изилдөөлөрдүн жана эмпирикалык, статистикалык материалдардын негизинде президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуу институту боюнча жаңы маалыматтар алынган. Такталган маселелерди чечүүдө негизги индикаторлор аныкталган.

3.4. Илимдин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертация – бул мазмуну төмөндөгү квалификациялык белгилерине туура келген жеке илимий-квалификациялык иш:

- тиешелүү илим тармагындагы илим чөйрөсүнө жана тематикасына жараша өнүгүүгө жана илимий-техникалык прогрессти тездетүүгө зор салым кошо турган илимий жактан жаңы негизделген техникалык, социалдык-экономикалык жана технологиялык методдорду иштеп чыгуу жолу менен илимий ири көйгөйлөрдү чечүү.

Бул иш 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Докторлук диссертацияда алынган илимий натыйжалардын практикалык мааниси биринчи кезекте азыркы Кыргызстандагы президент институтунун көйгөйлөрүн изилдеп чыгып, анын өнүгүүсүнүн саясий факторлору жана перспективалары, жана ошондой эле президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусунун саясий укуктук тартиби боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгууда жатат.

Автор иштеп чыккан айрым тыянактар менен практикалык сунуштар улуттук мыйзамдарды жакшыртууда, Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердигин уюштурууда да колдонулушу мүмкүн.

Диссертациянын теориялык жоболору жана тыянактары Кыргыз Республикасынын саясий илиминин тиешелүү аспектилери боюнча эмгектерди жаратууда, жогорку окуу жайларында саясат таануу сабактарын өтүүдө да колдонулушу мүмкүн.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Автореферат толук бойдон диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине туура келет. Талапка ылайык, авторефератта мазмунуна дал келген кыргыз, орус, англис тилдериндеги резюмелери бар.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:**

У.А. Есеновдун диссертациялык ишинин натыйжаларын, изилдөөнүн актуалдуулугун жана маанилүүлүгүн оң баалоо менен, бирге кээ бир кемчиликтерин белгилөөгө болот:

1. Диссертациялык эмгегинде изденүүчү Кыргыз Республикасынын президентинин отставкасын ишке ашыруудагы практикалык өзгөчөлүктөрдү талдоосунда өз оюн дагы тереңирээк билдирүүсү биздин мамлекетибиздеги жаш болгон президент институтундагы президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусунун бир жолу катары саясат таануу илиминдеги илимий теориялардын мазмундуулугун күчөтүүгө алып келмек.

2. Стилистиканы эмгектин кээ бир жерлеринде оңдоого тийиш.

**7. Сунуштар:** У.А. Есеновдун доктордук диссертациясы боюнча жетектөөчү мекеме жана оппоненттер тууралуу төмөнкүлөрдү сунуштайм:

- **жетектөөчү мекеме** катарында "Бишкек мамлекеттик университетинин" Социалдык-психологиялык факультетинин саясий укуктук сабактар кафедрасы сунушталат, анда тиешелүү адистер иштейт жана кошумча адистер чакырылат;
- **биринчи расмий оппонент** саясий илимдеринин доктору, профессор **Сааданбеков Жумагул Сааданбекович** (автореферат боюнча адистиги – 23.00.02), изилденүүчү проблемага жакын эмгектери бар:

1) Сааданбеков Ж.С. Россия в контексте глобализации и глобальных проблем. [Текст] / Ж.С. Сааданбеков. – Б., 2017.
2) Сааданбеков Ж.С. Международные отношения на пространстве СНГ [Текст] / Ж.С. Сааданбеков. –Б.: 2017.
3) Сааданбеков Ж.С. Россия в контексте доминирования коллективного Запада [Текст] / Ж.С. Сааданбеков. –Б.: 2017.

- **экинчи расмий оппонент** саясий илимдеринин доктору **Жанатаева Улбосын Камальбековна** (автореферат боюнча адистиги – 23.00.02), изилденүүчү проблемага жакын эмгектери бар:

1) Жанатаева У.К. Демографическая ситуация в Республики Казахстан: проблемы и пути их решения [Текст] / У.К. Жанатаева. – Алматы: 2017.
2) Жанатаева У.К. Проблемы социальной политики Республики Казахстан и пути их решения [Текст] / У.К. Жанатаева. – Алматы: 2018.
3) Жанатаева У.К. К проблеме демографической ситуации в Республике Казахстан [Текст] / У.К. Жанатаева. – Алматы: 2018.

- **үчүнчү расмий оппонент** саясий илимдеринин доктору **Токтосунова Адаш Искендеровна** (автореферат боюнча адистиги – 23.00.02), изилденүүчү проблемага жакын эмгектери бар:

1) Токтосунова А.И. Базисные ценности народов Евразии – приоритет духовного над материальным [Текст] / А.И. Токтосунова // Вестник Челябинского государственного университета. – Челябинск.: 2007. - С. 12-19.
2) Токтосунова А.И. Этнокультурная идентичность и диалог в условиях глобализации [Текст] / А.И. Токтосунова. – Б.: 2007. – 306 с.
3) Токтосунова А.И. Идентичность и диалог культур как политический процесс в условиях глобализации [Текст]: автореф. дис. ... докт. полит. наук: 23.00.02 / А.И. Токтосунова. – Б.: 2009. - 39 с.

**8. Сунуштамалар:**

Изилдөөдө кыргыз мамлекеттүүлүгүнө изилдөөлөрүн арнаган илимпоздордун арасында сурамжылоо жүргүзүлгөндө абдан жакшы болмок.

**9. Корутунду:**

Изденүүчү Есенов Уланбек Аскаралиевич тарабынан берилген “Заманбап Кыргызстанда президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтолусуунун институту (саясий укуктук изилдөө)” диссертациялык иш 23.00.02–саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет жана төмөндөгү квалификациялык белгилерине туура келет:

- тиешелүү илим тармагындагы илим чөйрөсүнө жана тематикасына жараша өнүгүүгө жана илимий-техникалык прогрессти тездетүүгө зор салым кошо турган илимий жактан жаңы негизделген техникалык, социалдык-экономикалык жана технологиялык методдорду иштеп чыгуу жолу менен илимий ири проблемаларды чечүү.

10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д23.20.611 саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн диссертациялык кеңешине 23.00.02–саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн “Заманбап Кыргызстанда президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтолусуунун институту (саясий укуктук изилдөө)” деген темадагы диссертацияны кабыл алууну сунуш кылат.

Эксперт:

Саясат таануу илимдеринин доктору,
профессор Ж.Ж. Жоробеков

*Комиссия мүчөсүнүн кол тамгасын тастыктаймын:*
*Д 23.20.611 Диссертациялык кеңешинин*
*окумуштуу катчысы*
*саясий илимдеринин кандидаты* Ч.Ш. Абдыраманова